| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**<br>**М. М. АДЫШЕВ АТЫНДАГЫ ОШ ТЕХНОЛОГИЯЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ** | **МИНИСТЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**<br>**ОШСКИЙ ТЕХНОЛОГИЧЕСКИЙ УНИВЕРСИТЕТ ИМЕНИ М. М. АДЫШЕВА** |

**БУЙРУК**
**ПРИКАЗ**

11.05.2024 № 09-04/267 **Ош ш.**

**Ош технологиялык университетинде окуу процессин санариптештирүү, инновациялык билим берүү технологияларын өнүктүрүү, маалымат-техникалык каражаттарды иштетүүнүн абалы жөнүндө**

2024-жылдын 29-апрелиндеги ОшТУнун Окумуштуулар кеңешинде №7 протоколунун чечими менен "Ош технологиялык университетинде окуу процессин санариптештирүү, инновациялык билим берүү технологияларын өнүктүрүү, маалымат-техникалык каражаттарды иштетүүнүн абалы жөнүндө" №2 меселеси боюнча төмөндөгүдөй буйрук кылам:

1. Ош технологиялык университетинин учурдагы локалдык тармагы заманбап талаптарга жооп бербегендиктен, заманбап жабдууларды жана технологияларды пайдалануу аркылуу жаңыдан түзүү маселеси каралып чыксын.
2. UNIVER+ программасын пайдалануунун максатка ылайыктуулугу каралып чыгып, тиешелүү чечим кабыл алынсын.
3. Студенттерге "Информатика" сабагында маалымат технологияларын жеткиликтүү жана натыйжалуу үйрөтүү боюнча иш-чаралар жүзөгө ашырылсын.
4. Студенттерге аралыктан окутуу боюнча жетишсиз маалыматтар жана колдонмолор санариптик инновациялар бөлүмү жана окуу бөлүмү тарабынан камсыздоо боюнча тиешелүү иш-чаралар иштелип чыксын.
5. Окуу процессин жана университеттин ишмердүүлүгүн санариптештирүү боюнча иштерди күчөтүү тиешелүү бөлүмгө, ал эми Санарип университет платформасын ишке ашырууну тездетүү санариптик инновациялар бөлүмүнө милдеттендирилсин.
6. Билим берүүнүн сапаты, аккредитация жана лицензия бөлүмү санариптик технологияларды колдонуу жана окуу процессине инновациялык ыкмаларды киргизүү боюнча пилоттук кафедраларды тандап алып, тиешелүү иш-аракеттерди баштасын.
7. Тандалган багыттар жана кафедралардын окутуучуларына инновациялык ыкмалар менен сабак өтүү, мультимедиалык каражаттарды колдонуу, видеосабактар, онлайн курстар жана предметтик сабактарды иштеп чыгуу боюнча окутууну күчөтүү милдети жүктөлсүн.
8. Санарип билим берүү платформаларын колдонуп сабак өткөн, ошондой эле өз видеосабактарын, аудиосабактарын, анимациялык жана оюн формаларын колдонгон окутуучуларды материалдык жактан сыйлоо жана аттестациялоо боюнча жобого өзгөртүүлөр киргизүү сунушталсын.
9. Жаңы заманбап лабораториялык стенддерди алып келүү жана студенттерге практика жүзүндө реалдуу шартта көргөзүү үчүн заманбап

лабораторияларды жана инновациялык технологияларды жайылтуу иштери күчөтүлсүн.

10. Моралдык жактан эскилиги жеткен компьютерлер колдонуудан чыгарылып, заманбап билим берүү программаларын жүктөө жана колдонууга ылайыктуу компьютердик техника менен камсыздоо иштери жүзөгө ашырылсын.

11. Университеттин инженер-программист штаттык бирдигин натыйжалуу пайдалануу максатында кафедралардагы инженер-программисттерден турган профессионалдык жумушчу топ түзүлсүн.

12. Бул буйруктун аткарылышы окуу иштери боюнча проректор У.Ж.Мамытовго жүктөлсүн.

***Негиз:*** *ОшТУнун окумуштуу катчысынын билдирүүсү, ректордун резолюциясы*

**Ректор** **Ж.Ж.Турсунбаев**

## М.М.АДЫШЕВ АТЫНДАГЫ ОШ ТЕХНОЛОГИЯЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ

**ОшТУнун Окумуштуулар кеңешинин 2024-жылдын 29-апрелиндеги №7 жыйынынын**

**ТОКТОМУНАН КӨЧҮРМӨ**

**КҮН ТАРТИБИ**

**2.** Ош технологиялык университетинде окуу процессин санариптештирүү, инновациялык билим берүү технологияларын өнүктүрүү, маалымат-техникалык каражаттарды иштетүүнүн абалы жөнүндө

УГУЛДУ: Ош технологиялык университетинин Окумуштуулар кеңеши окуу процессин санариптештирүү, инновациялык билим берүү технологияларын өнүктүрүү жана маалымат-техникалык каражаттарды иштетүү боюнча маалыматты угуп, талкуулап, төмөнкүдөй **ТОКТОМ КЫЛАТ**:

1. Ош технологиялык университетинин учурдагы локалдык тармагы заманбап талаптарга жооп бербегендиктен, заманбап жабдууларды жана технологияларды пайдалануу аркылуу жаңыдан түзүү маселеси каралып чыксын.
2. UNIVER+ программасын пайдалануунун максатка ылайыктуулугу каралып чыгып, тиешелүү чечим кабыл алынсын.
3. Студенттерге “Информатика” сабагында маалымат технологияларын жеткиликтүү жана натыйжалуу үйрөтүү боюнча иш-чаралар жүзөгө ашырылсын.
4. Студенттерге аралыктан окутуу боюнча жетишсиз маалыматтар жана колдонмолор санариптик инновациялар бөлүмү жана окуу бөлүмү тарабынан камсыздоо боюнча тиешелүү иш-чаралар иштелип чыксын.
5. Окуу процессин жана университеттин ишмердүүлүгүн санариптештирүү боюнча иштерди күчөтүү тиешелүү бөлүмгө, ал эми Санарип университет платформасын ишке ашырууну тездетүү санариптик инновациялар бөлүмүнө милдеттендирилсин.
6. Билим берүүнүн сапаты, аккредитация жана лицензия бөлүмү санариптик технологияларды колдонуу жана окуу процессине инновациялык ыкмаларды киргизүү боюнча пилоттук кафедраларды тандап алып, тиешелүү иш-аракеттерди баштасын.
7. Тандалган багыттар жана кафедралардын окутуучуларына инновациялык ыкмалар менен сабак өтүү, мультимедиалык каражаттарды колдонуу, видеосабактар, онлайн курстар жана предметтик сабактарды иштеп чыгуу боюнча окутууну күчөтүү милдети жүктөлсүн.
8. Санарип билим берүү платформаларын колдонуп сабак өткөн, ошондой эле өз видеосабактарын, аудиосабактарын, анимациялык жана оюн формаларын колдонгон окутуучуларды материалдык жактан сыйлоо жана аттестациялоо боюнча жобого өзгөртүүлөр киргизүү сунушталсын.
9. Жаңы заманбап лабораториялык стенддерди алып келүү жана студенттерге практика жүзүндө реалдуу шартта көргөзүү үчүн заманбап лабораторияларды жана инновациялык технологияларды жайылтуу иштери күчөтүлсүн.

10. Моралдык жактан эскилиги жеткен компьютерлер колдонуудан чыгарылып, заманбап билим берүү программаларын жүктөө жана колдонууга ылайыктуу компьютердик техника менен камсыздоо иштери жүзөгө ашырылсын.

11. Университеттин инженер-программист штаттык бирдигин натыйжалуу пайдалануу максатында кафедралардагы инженер-программисттерден турган профессионалдык жумушчу топ түзүлсүн.

12. Бул токтомдун аткарылышы окуу иштери боюнча проректор У.Ж.Мамытовго жүктөлсүн.

ОшТУнун ректору Ж.Ж.Турсунбаев

Окумуштуу катчы Н.К.Мендиева